УДК 801.81

Шакитов Ш.
*Ж.Алышбаев атындагы Ысык-Көл кооперация институту*

# УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУ – «МАНАСТЫН» ДА ЖОЛУ

Башка чөйрөлөрдөгү ролдорун эске албаганда деле, эки Цянь кыргыздардын тарыхый тагдырына баа жеткис башталыштын башатын беришти. Алардын бири - Сыма Цянь, экинчиси Чжан Цянь. Экөө тең улуу элдин өкүлдөрү; экөө тең биздин заманга чейинки  II кылымда жашаган жана  эмгектенген; өз Ата Мекени үчүн гана эмес, ондогон башка элдер, анын ичинде кыргыздар үчүн да  өчпөс, узак мезгилдин чаң катмарларында калгыс, эки доордун кылымдары четке сүрүп чыгара алгыс из калтырышкан. Сыма Цяндын «Тарыхый жазмаларынын» негизинде Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы дүйнөлүк деңгээлде чоң салтанат менен белгиленди; кыргыздарга тиешелүү тарых мурда эч болуп көрбөгөндөй кыймылга келди, жанданды, жаңыланды; кеңиди, байыды; эл аралык байланыштарын арттырды; жаңы формаларга, мазмундарга, мүмкүнчүлүктөргө ээ болду.

Чжан Цяндын кажыбас, кайра жанбас эки саякатынын жана таңкаларлык, азап-тозоктуу элчилигинин натыйжасында, Улуу жибек жолу курулду (мындан ары УЖЖ). Анын үч бутагы болсо, экөө Кыргызстандын түштүк аймагы, үчүнчүсү Көтмалды аркылуу өткөндүгү сыймыктуу, кубанычтуу; көптөгөн кылымдарды кучагына камтыган элибиздин түгөнгүс, көрөңгөлүү тарыхына окумуштуулардын гана эмес, карапайым, катардагы атуулдардын да кызыгуусун арттырат. Батыш менен Чыгышты, Түндүк менен менен Түштүктү бириктирген УЖЖ азыр кайра, жаңы сапатта жаралуу тагдырын башынан өткөрүп келет. Анын мисалдары – Кыргызстандын түштүгү боюнча да ( Жалал-Абад – Торугарт - Кашкар), түндүгү менен да (Балыкчы – Кочкор - Таш-Көмүр) темир жолдору курулуп, келечекте Кытайга өтүшү. Ал учурларда УЖЖ Тынч океанды Атлантика менен байланыштырып, өзүнүн эриш-аркагын дагы узартат. Экинчиден, Бишкек-Ош-Эркечтам автожолунун азыркы мезгилдин талаптарына жооп бергидей даражада ремонттолуп жатышы: түздөлгөн, асфальтталган, даңгыр, көп тилкелүү инфраструктурасы мурда ойго келбегендей түрдө өзгөрдү.

УЖЖ биздин заманга чейинки экинчи кылымда Кытай менен алдыңкы жана Борбордук Азия элдеринин өз ара катташкан кербен жолу катары тарыхка кирген. Ал Чыгыш Кытайдын Сиань шаарынан башталып, Дуньхуанга келгенде экиге бөлүнгөн. Түштүк бөлүгү, жогоруда белгилегендей, айры ачалуу. Биринчи ачасы: Мерва (азыркы Байрамалиге жакын, Мургаб дарыясынын жээгиндеги байыркы шаар), Балх (Түндүк Афганистандагы шаар чалдыбары), Термез - Вахш - Кызыл-Суу - Алай - Эркечтам - Кашкар; экинчиси (Фергана бутагы), Рабат (арабдардын орто кылымдагы чеби), Замин - Исфара-Сох-Ош. Мындан жол эки багытка ажырайт. Бири - Ош - Чыйырчыктын жана Талдыктын ашуулары - Эркечтам; экинчиси – Ош-Жууку ашуусу - Жогорку Барсхан (Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги азыркы Барскоон).

УЖЖнын үчүнчү ачасы (түндүк бутагы): Замин-Бинкктет (Ташкент) - Исфижаб (Шымкент) - Тараз - Мерке - Нузкет (Карабалта) - Суяб (Ак -Бешим) - Боом капчыгайы – Көтмалды - Барсхан - Санташ - Каркыра - Жунгария - Алтай - Монголия. Боом капчыгайы өтө татаал болгондуктан, УЖЖнын айрым кербендери Көтмалдыга Калмак ашуусу аркылуу түшкөн. Тескерисинче, Турпандан чыккан кербен Каркыра аркылуу Ысык-Көлгө келип, анын күнгөй, тескейи менен өтүп, бир бутагы Көтмалды –Нарын –Фергана, экинчиси Көтмалды – Боом - Чүйгө жол тарткан.

Тармактарын эске албаганда, УЖЖнын магистралдык багыты 7000 км. созулуп, 15 кылымды кучагына алган. Бул аралыкта кербендер агымы катуу суу кечип, ашуусу бийик тоолордон ашып, мээ кайнаткан чөлдөрдү арытып; тайгак кечүү, таштак жолдордо, алай – дүлөйдө, бороон-чапкында, бурганакта, нөшөрлөрдө калышып, өздөрү ыргайдай, биттери торгойдой болушуп, эки-үч жылда араң басып өтүшкөн. Каракчылар менен кармашкан; ар кандай ооруларга кез келип, жолдо өлгөндөрү да болгон. Бирок УЖЖ кыйынчылыктарды жеңип, өз багытын узарта берген.

УЖЖнын боюндагы карама-каршылыктарды чоң-чоң эки топко бөлсө болот.

**Биринчиси - прогрессивдүү жактары:**

- адамзат балалыгынын алгачкы мектептеринин бири;
- металл акчалардын пайда болушу;
- акын, жолбашчылар, колбашчылар, саясатчылар, философтор, этнографтардын ж.б. тарыхка келиши;
- алфавиттердин өнүгүшү;
- ар түрлүү тагдырлардын калыптанышы;
- архитектура;
- байланыштардын ар кандайынын кеңейиши;
- дыйканчылыктын, жер иштетүүнүн жайылышы;
- жол, көпүрөлөрдүн курулушу;
- илим изилдөө (археология, география, дипломатия, мамлекет жана укук, саясат, урбанизация, тарых, тил, туризм, фольклористика, экономика, этнография ж.б.);
- интеграция;
- кабарлашуу;
- келишимдердин түзүлүшү;
- кербен сарайлардын курулушу;
- кол өнөрчүлүк
- товар өндүрүүнүн булагы;
- кошуна элдерге жакындашуу;
- «Манас» эпосунун тил, көркөм сюжет ж.б. жагынан байышы;
- материалдык жана руханий маданияттын алмашышы;
- миграция;
- миссионерлердин ишмердүүлүгү;
- өз ара жардамдашуу;
- тарыхый эстеликтерди реставрациялоо;
- товар алмашуу, толуктоо;
- урбанизация кыймылы;
- эл аралык кызматташтык;
- эл аралык сооданын күчөшү;
- эл достугунун кеңейиши;
- элчиликтин ролунун жогорулашы;
- чыгыш цивилизациясынын Европа, Америка континенттерине ж.б. таралышы.

**Экинчиси - регрессивдүү жактары:**

- алдамчылыктын түрлөрүнүн көбөйүшү;
- ар кандай чатакташуулардын себепчиси;
- баскынчылык;
- гарнизон, кароол дөбөлөр, чек араларды бекемдөө, жайылтуу жана күчөтүү аракетинде болушу;
- зордук-зомбулуктун көрүнүштөрү;

- көчмөндөрдүн мамлекеттеринин жаралышы, күчтүүлөр тарабынан кайра талкаланышы, элдеринин да тукум курут болушу;
- саясаттагы катаалдык;
- согуштар;
- талоончулук;
- тыңчылык;
- чыккынчылык ж.б.

УЖЖнын жогоруда аталган пункттарынан ар бири өзүнчө изилдөөнү талап кылган актуалдуу проблемалар. Ошондой болсо да айрымдарын учкай эскере кетели.

«Манас» эпосу – бир эле муундун, бир гана жылдын эмес, кылымдардын туундусу. Улам кийинки окуялар, фактылар, мезгилдер, элдин, коомдун таламдарына ылайык кеңип, узарып, байып, көп пландуу үчилтикке, алтурсун, жети атасынан узагыраак өмүрлөрдү кучагына алган эпоско айлана берген. Ошолорго жараша анын тил, көркөмдүк жагы да бийик деңгээлге көтөрүлгөн. Мунун бир нече далилдери бар.

Биринчиден, башка тилдерден кирген отуздан ашык жибек кездемелердин аттары «Манас» эпосунда чагылдырылган: абайы (абайы менен үпчүлөп; абайы үртүк жаптырган); алчын байыр (алчын байыр, атылес-аларыңдын баары бар); була (була менен жибекти ала келген турбайбы); буулум (ичин суусар ичтетип, тышын буулум тыштатып; Каныкей, Буурулду берчи минейин; Каныкей, буулумду берчи киейин); дарайы (дарайыдан тиккен көйнөгү жик-жигинен сөгүлдү); дейилде (дейилдеден тиктирген); доолон (доолон, чүчтө бу да бар); кадек (айнеги чаңдап калат деп, ак кадек менен ороткон; кадектеп бутун таңышты); кете (келинге кете кийгизди); кырмызы (кырмызы кийген кыздар); сарпайы; суп (жибектен кылган суп аркан); торгун (астына жая салууга торгун кытай бул алып; асман көк торгундай тунук); торко (ок өтпөс торко; үстүнө торко жаптырган); тубар (тубардан сарпай кийгизген); чүчтө (ак чүчтө көйнөк кийгизген); ырапыс (көк ырапыс тон кийген, көк ала тулпар ат минген) ж.б. Ушунун өзү, башка товарларды айтпаганда, УЖЖнын аты кокусунан эле пайда боло койбогондугун түшүндүрөт.

Экинчиден, байыркы кыргыздар Кытай ж.б. менен соода жүгүртүүсүндө асыл таштарды да пайдаланган. Ошондуктан алардын аттары «Манас» эпосунан табылат: акак - самоцветы, сердолик, янтарь (жибек саамай, акак таш, салындык кызыл жоолукту; шуру, бермет, акак таш мойнуна бүтүн тагынып); бермет (иранча мербет) - бисер, жемчуг, перламутр (жүгүн чечип караса, зумруд, көөр таш экен, жубар бермет кошо экен; бермет сөзү чачылды); жакут - яхонт (жакут таштай кашка тиш; эки көзүн карасак, жакуттан чара ойгондой); зумруд - изумруд (билериги - зумруд, карк алтынга бөлөнгөн); инжи - жемчуг (инжи тырмак, акак тиш); көөр - каухар, перл; лаал - рубин ж.б. Үчүнчүдөн, «Манас» эпосундагы айрым топонимдердин УЖЖ менен тикеден-тике байланышы бар. Себеби алар улуу жолдун боюнан орун алышкан: Ак-Бешим (Суяб), Алай, Алтай, Ала-Көл, Арпа, Анжиян, Артыш, Балык, Бадакшан, Барскан, Губий-Шаму (Гоби чөлү), Дархан, Жаркенд, Жылдыз, Иле, Кашкар, Кара- Тегин, Көкө-Ноор, Кара-Шаар, Марал-Башы, Лон, (Лобнор көлү), Маргелан, Өркүн (Оркон), Самаркан, Талас, Ташкен, Тебит, (Тибет), Чатыр-Көл, Чүй, Турпан, Эдил (Волга), Эртиш (Иртыш), ж.б. эл жашаган пункттардын «Манас» эпосуна кириши урбанизация кыймылынын кеңири жайылгандыгын билдирет. Айрым айыл-кыштактардын, шаарлардын аталыштары жогоруда, УЖЖнын (үч ачасында) да белгиленди. Булардан тышкары Көтмалды - Суяб (Ак-Бешим) - Исфижаб - Талас багытында токсонго жакын кербен сарайлар, чептер, айылдар, шаарлар жайгашкандыгын кытай тарыхчысы Сюань Цзан (VII к.), М.Кашкари (XI к.) билдиришет.

УЖЖнын үчүнчү бутагы аркылуу өткөн саякатчылар, кербендер ж.б. Ысык-Көлдүн чыгышындагы Чигу (Чигучен) б.з.ч. II к, - орто кылымдардын алгачкы жылдары, Тоңдогу

Кан-Дөбө - 6-12 к., Барсхан (Барсаган, Фарсхан) - 8-12 к.к. Тору-Айгыр шаарларына -10-12 кк, Көтмалды чөлкөмүнө токтобой жолун узартышкан эмес. Анткени алар, айрыкча Чигу жана Барсхан, Чыгыш менен Батыштын ортосундагы соода катнаштарынын ири түйүнү, караханилер, карлук, кидан, түргөш мамлекеттеринин саясий, экономикалык, маданий борборлору катары маанилүү ролдорду ойногон.

Жогорудагы далилдерге байланыштуу айрым тыянактар:

- УЖЖнын кайрадан жаралуу процесси «Манас» эпосунун энциклопедиялык маанисин жаңылап, эл аралык азыркы талаптарга ылайыктап, ар тараптуу изилдөөнү талап кылат;
- изилдөөлөргө манастаануучуларды гана эмес, илимдердин дээрлик бардык өкүлдөрүн жана чет элдик окумуштуулардын ж.б. да тартуу зарыл;
- географиялык абалына жараша тогуз жолдун тоому, Ысык-Көлдүн түштүк -батыш, батыш дарбазасы аталуу тагдырына Көтмалды биздин заманга чейинки мезгилде эле ээ болгон;
- көп кылымдык тарыхта Көтмалды аркалуу кимдер гана өтпөгөн: акындар, аалымдар, баскынчылар, дин таркатуучулар, жолбашчылар, жоокерлер, кербенчилер, комузчулар, манасчылар. Демек, Улуу жибек жолу - «Манастын» да жолу.

Литература:

1. Юдахин К. Кыргызча-орусча сёздщк. –М., 1965.
2. Ар кайсы жылдарда чыгарылган «Манастын» 4 томдугу.
3. Худяков Ю. Кыргыздар Азия мейкиндигине. –Б., 1995.